**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**ТӨӨ-МОЮН**
**АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ТОО-МОЮНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Төө-Моюн айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги ___- сессиясы**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

___-_______ 2026-жыл №____ «Ак-Шар» а.

**“Береке-Суу” муниципалдык ишканасынын каналдарын А.Сатыбалдыев атындагы Найман суу сактагычы жана каналдар тобунун балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселе боюнча А.Сатыбалдые атындагы Найман суу сактагычы каналдар тобу башкармалыгынын 2026-жылдын 13-февралындагы №01-01-7/21 сандуу каты менен таанышып, Төө-Моюн айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары М.Осмоновдун ошондой эле сөзгө чыккан депутаттардын ой-пикирин угуп талкуулап, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №207 “Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү” жөнүндөгү токтомуна негиз, “Береке-Суу” муниципалдык ишканасынын ички каналдарын А.Сатыбалдые атындагы Найман суу сактагычы каналдар тобу башкармалыгынын балансына өткөрүп берүү жөнүндөгү актысына негиз “Төө-Моюн айылдык аймагынын айылдык Кеңеши” **токтом кылат:**

1. “Береке-Суу” муниципалдык ишканасынын ички каналдарын А.Сатыбалдые атындагы Найман суу сактагычы каналдар тобу башкармалыгынын балансына өткөрүү жөнүндө актынын негизинде СПАнын жана СПА бирлигинин ишин колдоо максатында ички чарбалык каналдарды иретке келтирүү, калкка сугат сууну сапаттуу жана өз убагында берилишин камсыз кылуу максатында “Береке-Суу” муниципалдык ишканасы ирригациялык, дренаждык тутумдарын А.Сатыбалдые атындагы Найман суу сактагычы каналдар тобу башкармалыгынын балансына өткөрүп берүү боюнча №1-тиркемеге ылайык сунушу кабыл алынсын. (№1-тиркеме тиркелет)
2. “Береке-Суу” муниципалдык ишканасы ирригациялык, дренаждык тутумдарын А.Сатыбалдые атындагы Найман суу сактагычы каналдар тобу башкармалыгынын балансына өткөрүү боюнча иш-чаралар мыйзам чегинде аткарууга алынсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети айылдык кеңештин агрардык маселелер, жер, суу, экология, жол, транспорт, муниципалдык менчик, коммуналдык чарба, курулуш жана архитектура боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага А.Осмоналиев

Төө-Моюн айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги ____-сессиясынын №___ токтомуна №1-тиркеме

**“Береке-Суу” муниципалдык ишканасынын каналдарын А.Сатыбалдыев атындагы Найман суу сактагычы жана каналдар тобунун балансына өткөрүп берилүүчү каналдар**

1. Сары-Таш Х-1де кичине бетон канал 16,4 км жер арык 10,0 км жалпы 26,4 км, отвод 15, г\соожур 1, мость 1, г\пост 5
2. Авиз Х-3 кичине бетон канал 16,0 км жер арык 12,0 км жалпы 26,0 км, отвод 19, мость 14, г\пост 4
3. Жеке-Мисте Х-4 чоң канал 8,0 км, кичине бетон канал 17,0 км жер арык 32,0 км жалпы 57,0 км, отвод 138, г\соожур 4, мость 11, г\пост 10
4. Жаштык Х-5 чоң канал 3,8км, кичине бетон канал 28,2 км жер арык 24,5 км жалпы 56,5 км, отвод 95, г\соожур 2, мость 6, г\пост 22
5. Сырт Х-6 чоң канал 1,3 км, кичине бетон канал 19,0 км жер арык 16,0 км жалпы 36,3 км, отвод 62, мость 4, г\пост 3
6. Керкидан Х-7 чоң канал 5,0 км, кичине бетон канал 19,0 км жер арык 30,0 км жалпы 64,0 км, отвод 133, г\соожур 1, мость 4, г\пост 3
7. Суу сактагычтан келген канал “ТМР” 15 км аралыкты түзөт.

Жалпы чоң канал 33,1 км, кичине бетон канал 115,6 км, жер арык 124,5 км жалпысынан 273,2 км, отвод 462, г\соожур 8, мость 40, г\пост 43 түзгөн аралыкта канал.

Катчы Икирам уулу А